| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧУЙ ОБЛУСУ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**МАНАС**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МАНАССКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын “01” июну №13**

**Мамлекеттик айыл чарба жер фондусунун (МАЧЖФ) жерлерин ижарага берүү жөнүндө**

Сокулук райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын маалыматынын негизинде, 2025–2026-жылдары ижара мөөнөтү аяктаган Мамлекеттик айыл чарба жер фондусунун (МАЧЖФ) жерлеринин 50 пайызын кайра ижарага берүү боюнча ижара акысынын баштапкы өлчөмүн Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2025-жылдын 2-февралындагы №04-13/59 буйругу менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларга, айыл чарба кооперативдерине жана айыл чарбасынын экономикалык жактан артыкчылыктуу субъекттерине берүүнүн Жалпы жобосунун» 10-пунктуна ылайык бекитүү максатында, Манас айылдык кеңеши токтом кылат:

1. 2025–2026-жылдары ижара мөөнөтү аяктаган Мамлекеттик айыл чарба жер фондусунун (МАЧЖФ) жерлеринин 50 пайызы боюнча ижара акысынын баштапкы өлчөмү Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2025-жылдын 2-февралындагы №04-13/59 буйругу менен бекитилген Жалпы жобонун 10-пунктуна ылайык бекитилсин:

   100,8*20=2016сом контур №158 1,0га кайрак жер
   100,8*20=2016*17,3=34876,8сом контур №192 17,3га кайрак жер
   100,8*20=2016*2,0=4032,0сом контур №165 2,0га кайрак жер
   610,5*30=18315*4,0га=73260сом контур №300 4,0га сугат жер
   100,8*20=2016*8,4=16934,4сом контур №7 8,4га кайрак жер
   100,8*20=2016*9га=18144,0сом контур №283 9,0га кайрак жер
   610,5*30=18315*20=366300сом контур №8 20,0га сугат жер
   610,5*30=18315*6,5=119047,5 контур №302 6,5га сугат жер

2.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүү жооптуу катчы А.М.Исаковага милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу Т.А.Кулубековго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Р.К.Момунова**